УДК 81'36:811.512.154

# МОДЕЛИ ПОДЧИНИТЕЛЬНОЙ СВЯЗИ ПРИМЫКАНИЯ В КЫРГЫЗСКОМ ЯЗЫКЕ

*Б.А. Мурасатов*

Рассматриваются модели подчинительной связи примыкания в кыргызском языке. Примыканием является такой вид подчинительной связи, при котором зависимый компонент сочетается с главным без каких-либо словоизменительных форм, а единственной формой связи выступает препозитивное положение зависимого члена относительно главного члена словосочетания. При этом, как бы не менялись формы главного компонента, это никакого влияния на форму зависимого слова не оказывает. В данной статье примыкание представляет собой вид подчинительной связи, которая охватывает неизменяемые части речи, выступающие в роли зависимых компонентов словосочетания. Поэтому неизменяемы именные части речи, такие как прилагательные, числительные и наречия, сочетаются с опорными словами путем примыкания.

*Ключевые слова:* грамматическое значение; грамматическая категория; грамматическая форма; морфология, синтаксис; семантика примыкания; стилистика; части речи; синонимия; словосочетание; структура; системное отношение; изафетная конструкция; парцеляция.

# КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ БАГЫНЫҢКЫ БАЙЛАНЫШТЫН ТҮРҮ ЫКТАШУУНУН МОДЕЛДЕРИ

*Б.А. Мурасатов*

Макалада кыргыз тилиндеги багыныңкы байланыштын түрү болгон ыкташуунун моделдери каралат. Ыкташуу байланышы багыныңкы байланыштын бир түрү болуп саналат, мында багыныңкы түгөй башкы түгөй менен кандайдыр-бир сөз өзгөртүү формаларысыз байланышат. Байланышуунун жалгыз формасы болуп сөз айкашындагы багыныңкы түгөйдүн башкы түгөйгө карата орун тартиби эсептелет. Ошол эле учурда башкы түгөйдүн формасы кандай гана өзгөрбөсүн, багыныңкы түгөйдүн формасына эч кандай таасирин тийгизбейт. Бул макалада ыкташуу байланышы багыныңкы байланыштын өзгөчө түрү экендиги белгиленет, ал сөз айкашында багыныңкы түгөйдүн ролун аткарган өзгөрүлбөс сөз түркүмдөрүн өзүнө камтыйт. Сын атооч, сан атооч жана тактооч сыяктуу өзгөрүлбөс атоочтук сөз түркүмдөрү таяныч сөздөр менен ыкташуу аркылуу байланышат.

*Түйүндүү сөздөр:* грамматикалык маани; грамматикалык категория; грамматикалык форма; морфология, синтаксис; синтаксистик байланыш; ыкташуу байланышы; лексема; сөз түркүмдөрү; синонимия; сөз айкашы; изафеттик конструкция; системалуу мамиле; парцеляция.

# MODELS OF THE SUBORDINATE CONNECTION OF KYRGYZ LANGUAGE

*B.A. Murasatov*

The article discusses the models of subordinate connection of junction in the Kyrgyz language. Adjoining is this kind of subordinate connection, in which the dependent component is combined with main component without any word-braking forms, and the form of communication is the prepositional position of the dependent member relative to the main term of the phrase. In this case, no matter now the forms of the main component change, this does not affect the form of the dependent word. In this article, contiguity is a type of subordinate relationship that en compasses the unchanging parts of speech that act as dependent components of a word combination. Therefore, by joining, such unchangeable nominal parts of speech as adjectives, numerals, and adverbs are combined with supporting words.

*Keywords:* grammatical meaning; grammatical category; grammatical form; morphology; syntax; adjunctions semantics; stylistics; parts of speech; synonimy; word combination; structure; system relation; izafetny design; parceling.

Сөздөр өз алдынча жеке-жеке турганда, айрым гана түшүнүктүк мааниде болушат. Алар тилдин синтаксистик карамагына түшкөндө, өзүлөрүнүн грамматика-семантикалык табияттарына жараша ар бир жекече алынган тилдин закон ченемдүүлүгүнө ылайык белгилүү бир тартипте өз ара айкалышып, байланышып турат.

Тилдин системасына кирген бардык эле сөз түркүмдөрүнүн ролу, мааниси бирдей эмес. Алардын ичинен толук маанилүү сөз түркүмдөрүнүн

ролу айрыкча зор болот. Тийиштүү синтаксистик байланыштар, катыштар мына ушулардын ортосунда гана болушу ыктымал. Жардамчы сөздөрдүн категориясы болсо, ошол толук маанилүү сөз түркүмдөрүнө карай гана колдонулуучу сөздөр болуп саналат. Толук маанилүү сөздөр тийиштүү синтаксистик байланыштардын базасында туруучу негизги борбор болуп эсептелет. Бирок бардык эле толук маанилүү сөз түркүмдөрүнүн касиети бирдей болбойт. Бир сөз түркүмү бир түрдүү семантикалык мазмундуулукка ээ болсо, башка бир сөз түркүмү дагы бир башкача түрдөгү семантикалык мазмундуулукка ээ болуп турат. Бир сөз түркүмүнүн грамматикалык структурасы бир түрдүү болсо, дагы бир башка сөз түркүмүнүн грамматикалык структурасы дагы бир башкача мүнөздө болот. Толук маанилүү сөз түркүмдөрү дал ушул табияты жагынан болгон ар кылдуулугуна жараша өз ара бири-бири менен ар түрдүү ыкмалар боюнча байланышат [1, 543]

Ыкташуу байланышы сөз өзгөрүү формалары жок сөз түркүмдөрүнө мүнөздүү байланыштын формасы болуп саналат. Бирок бул байланыштын формасынын таралыш сферасы алда канча кеңири келет. Сөз өзгөрүү формалары жок сөз түркүмдөрү гана эмес, зат атоочтордун да ушул эле байланыш формасынын үлгүсүндө айкалышы өтө кеңири таралган. Ыкташуу байланышында багындыруучу сыңар болуп түшкөн сөздөр кандай түрдөгү түзүлүштө турса да, кандай уландылар менен өзгөрүлүп турса да, багыныңкы сыңар болуп келген сөздөр аларга карай кандайдыр бир өзгөрүүгө учурабай, бир калыпта, чакчыл формада, же атооч жөндөмө формасында. туруп айкалышат: Экиүч жерде бастырмада ордо атышкан кишилерди көрдүм (Ы. С.).

Эгерде бул келтирилген мисалдардагы катышкан эки-үч жерде, ордо атышкан кишилерди, ушул досума, үзүрдүү эмгектен деген сөз айкалыштарына назар салган болсок, андагы жерде, кишилерди, досума, эмгектен деген жатыш, табыш жана барыш, чыгыш жөндөмөлөрдөгү багындыруучу сыңар болуп түшкөн сөздөргө карай, башкача айтканда, ар кыл жөндөмө формаларында турган сөздөргө карай багыныңкы сыңар болуп келген эки-үч, ордо атышкан, ушул, үзүрдүү деген сөздөр кандайдыр бир өзгөрүүгө учураган жок, бир калыпта гана атооч жөндөмө формасында кала берди: Бардык элдер, адамдар эркин жана бактылуу жашоого укуктуу.Кара чачы, эки өрүлүп, артында.

Багындыруучу сыңар **болуп** түшкөн сөздөр кандай түрдөгү түзүлүштө турган болсо да, багыныңкы сыңар болуп саналып, аларга карай кандайдыр бир өзгөрүүгө учурабай, бир калыпта, бир түрдүү гана атооч жөндөмө формасында туруп байланышып турса, ыкташуу байланышы деп аталат: Алчадай дандуу ак буудай, ыргала турган жердебиз.

Ыкташуу байланышы сын, сан атоочтор менен тактоочтор сыяктуу сөз өзгөрүү формалары жок сөз түркүмдөрүнө мүнөздүү байланыш формасы болуп саналат: Бекер жүргөнчө, бекер иште (макал). Жакшы жүрсөң – жетерсиң муратка, жаман жүрсөң – каларсың уятка (макал). Жакшы тилек – жарым ырыс (макал). Эки тоо көрүшпөйт, эки адам көрүшөт (макал).

Атоочтуктар менен чакчыл этиштер да жана ат атоочтордун басымдуу көпчүлүгү ыкташуу байланышында туруп айкалышат. Атап айтканда, ал, ошол, тигил, бардык, кайсы, ар бир, ар качан, качан, кандай, канча, канчанчы, эч качан деген сыяктуу шилтеме, аныктама, тангыч, сурама ат атоочтор ыкташуу байланышында туруп айкалышат: Адамдын ойлогон ою, көздөгөн максаты – жакшылык. Менин тагдырымды Малийкенин ушу эки ооз сөзү чечти (С.С.). Бул сөз мынча таасир калтырарын күткөн эмес. Канча убакыт, качан болгону белгисиз. Ар бир жаш ушундкй болууну тилейт (Т. Н.).

Кыргы тилинде ыкташуу байланышын көпчүлүк учурда зат атооч сөз түркүмү болуп саналат. Бул сөз түркүмү көптүк -лар, таандык -ы жана жөндөмө категория сөз өзгөрүү формаларына ээ болуп турат [2, 123].

Бирок, ошондой болсо да, зат атооч сөздөрдүн да ыкташуу байланышында туруп айкалышы кеңири таралган: Көмүр, темир, калай кендер бизде өтө көп. Кечээ инженер инимди тостум. Колунда алтын саат, башында суусар тебетей.

Зат атоочтордун ыкташуу байланышында туруп сын, сан атооч сөздөр сыяктуу сөз өзгөрүү формалары жок сөз түркүмдөрүнүн үлгүсүндө калыпташкан байланыш формасы болуп эсептелет.

Зат атооч сөздөр бир кездерде чыгыш жөндөмө формасында туруп айкалышкан. Анын изи күнү бүгүнкүгө чейин оозеки сөздө, элдик чыгармаларда, ал тургай, көркөм чыгармаларда да сакталууда: Түлкүдөн чырга сүйрөтүп (фольклордон).

Ал эми зат атооч сөздөр ыкташуу байланышында турганда, алар багындыруучу сыңар болуп түшкөн сөздөрдүн, аныктагычтардын сапаттык, заттык белгилерин, катыштарыи көрсөтүү жагы үстөмдүк кылып турат: Күмүш саат, калай чака, алтын сөйкө, арча челек, кагаз куту, мугалим эже, жумушчу адам, малчы Алым.

Ыкташуу байланышындагы сөздөр орун абалдарын ар кыл тартипте өзгөртүп, стилдик милдет аткарып турушу мүмкүн, же болбосо орун абалдары туруктуу мүнөздө болушу да ыктымал.

Ыкташуу байланышындагы сөздөр мына ушул жагына карай ыкташуу байланышынын эркин жана туруктуу формалары болуп экиге бөлүнөт.

Өз кезегинде ыкташуу байланышында турган сөздөр калыпташкан орун абалдары менен структуралык өзгөчөлүктөрүнө жараша өз ара төрчүл ыкташуу, соңчул ыкташуу жана окшош (обочолонгон) ыкташуу болуп дагы үч түргө бөлүнөт [3, 121].

Ыкташуу байланышы боюнча айкалышып, байланышып турган бардык эле сөз түркүмдөрүнүн табияты бирдей эмес. Башка сөз түркүмдөрүнүн ичинен ыкташуу байланышынын түрлөрү тактооч сөздөрдүн ыкташуу тартиби, формасы эркин келет. Стилдик максатта орун абалдарын белгилүү ченемде эркин түрдө өзгөртүү касиетине ээ болуп турат: Эртең Асия Байдамталдын төрүнө барат (Ч. А.).

Мында эртең деген сөз барат деген этишке ыкташып турган менен, сүйлөмдүн башында келди. Асия деген ээ болуп түшкөн сөздөн кийин келиши да мүмкүн, же барат деген сөздү жандап, же андан кийин айтылышы да ыктымал.

Ыкташып турган сөздөр стилдик талапка ылайык орун абалдарын эркин түрдө өзгөртүп турса, эркин ыкташуу деп аталат.

Көбүнчө, тактооч сөздөр эркин ыкташат. Себеби тактоочтор, негизинен, кыймыл процессин билдирген сөздөргө (этиштерге) багыныңкы абалда болот. Ошондуктан эгерде сүйлөмдө бир гана этиш сөз катышып турган болсо, багыныңкы сыңар болуп келген тактооч сөздөр кандай орун тартибинде жайгашышкан болсо да, алардын аракет менен болгон катышы сакталып кала берет [4, 211].

Ал эми сүйлөмдө эки, же андан да көп этиш сөздөр катышып турган болсо, анда ыкташып турган тактооч сөздөр ошол өзүлөрү багынып турган сөздөрдүн (багындыруучу сыңарлардын) чегинде гана, айланасында гана орун абалдарын өзгөртэ .алат: Экскурсияга кийин баруучулар бүгүн мектепке келбейт.

Бул келтирилген мисалда кийин деген тактоочтун экскурсияга деген сөзгө карай гана, бүгүн деген тактоочтун мектепке, же келбейт деген сөздөргө карай гана инверсия болушуна (орун абалын өзгөртүшүнө) жол берилет.

Бирок баяндооч болуп түшкөн этиш сөздөр салмагы, таасири жактан дайыма басымдуу келет. Мына ушул кырдаалга байланыштуу баяндоочко багыныңкы абалда турган ыкташкан сөздөр орун абалдарын эркин түрдө өзгөртө бериши да мүмкүн: Эртең эле ал карларды тез эритүү жолун табат (Ч.А.).

Көрсөтүлгөн сүйлөмдө эритүү, табат деген эки этиш сөз катышып, биринчисине тез деген тактооч сөз, экинчисине эртең эле деген тактооч сөз багынып турат. Бирок мында эртең эле деген ыкташып турган сөз эритүү деген этишти аттап барып табат деген сөзгө багынып турат.

Албетте, ыкташып турган тактооч сөздөрдүн бардыгынын тең эле табияты бирдей эмес. Тактооч сөздөрдүн ар бир түрүнүн өзүнө мүнөздүү бөтөнчөлүктөрү болот.

Сын, сан, зат жана ат атооч сөздөр менен атоочтуктар туруктуу орун тартибинде туруп ыкташат: Заматта бул кыялдануунун жел айдап кеткен өңдөнүп, кайрадаи өзүмдү эки оттун ортосунда тургандай сездим (Ы. С.). Жаркыраган жаз келди («КП»), Өзгөчө эң бир кооз айлуу түнү (Р. Ш.). Калай идишти дат баспайт, жууш да оңой.

Бул мисалдарда бул, эки, жаркыраган, ойлуу, калай деген сөздөр кыялданууну, оттун, жаз, түнү, идишти деген сөздөргө ыкташып турат. Бул ыкташкан сөздөр багындыруучу сыңар болуп түшкөн сөздөргө (аныкталгычтарга) карай туруктуу төрчүл орун тартибинде турушу гана мүмкүн.

Эгерде буларга окшогон ыкташып турган атооч сөздөрдүн орун абалы өзгөрүлүп кеткен болсо, анда багындыруучу сыңар болуп түшкөн сөздөр менен болгон синтаксистик катыштары да кошо өзгөрүлүп кетет [5, 177]

Маселен, ыкташуу байланышында туруп айкалышкан бул китеп, жакшы китеп, окулган китеп, эки китеп деген сыяктуу сөз тизмектери алынып, эгерде алардын тутумундагы сөздөр өз ара китеп бул, китеп жакшы, китеп окулган, китеп эки түрүндө өзгөрүлүп, алмашылып кеткен болсо, бул сөз тизмектери сүйлөмгө айланып кеткен болор эле. Алардын синтаксистик катыштары өзгөрүлүп, байланыштын такыр эле башка бир түрүндө болуп, предикативдик катыштарда турган сөз айкалыштары болуп калар эле.

Ошондуктан буларга окшогон сөздөрдүн байланыш формасы, ыкташуусу туруктуу келип, багындыруучу сыңар болуп келген сөздөрдөн мурда келиши милдеттүү түрдөгү норма болуп саналат.

Ыкташуу байланышында турган сөздөр багындыруучу сыңар болуп келген сөздөргө карай туруктуу орун тартиби менен шартталып турса, ыкташуу байланышынын туруктуу формасы катары колдонулат Поэтикалык чыгармаларда гана бул норманын белгилүү ченемде дифференңиаңияланышына жол берилет.

Ар бир сөз түркүмүнүн өзүнө мүнөздүү ыкташуу бөтөнчөлүгү болот. Башка сөз түркүмдөрүнүн ичинен зат атооч сөздөрдүн ыкташуусу өзгөчө мүнөздө болот. Ал эми сын, сан, ат атооч сөздөр менен тактооч сөздөр болсо дагы бир башка тартипте туруп ыкташат. Сын, сан жана ат атооч сөздөр менен атоочтуктар туруктуу орун тартибинде туруп ыкташат да, дайыма төрчүл орун тартибинде жайгашат: Акылдуу адам өзүн өзү жемелейт. Арзыбаган жигит

өлгөндүн үстүнө көмгөн кылып тебелейт. Ушакчы эки кишинин башын коштурбайт.

Мында акылдуу, арзыбаган, эки деген сөздөр адам, жигит, кишинин деген сөздөргө төрчүл орун тартибинде туруп ыкташты.

Ал эми зат атооч сөздөр болсо багындыруучу сыңар болуп келген сөздөргө төрчүл орун тартибинде туруп да, соңчул орун тартибинде туруп да ыкташа берет:Арс ичигин төшөнүп мырза, Түлкү ичигин жамынып мырза (А. О.). Малчы адам эрте турат, мал-жанын түгөлдөйт, жайытка чыгарат.

Көрсөтүлгөн мисалдарда арс ичигин, түлкү ичигин, малчы адам деген сөз айкалыштарынын тутумундагы арс, түлкү, малчы деген зат атоочтор төрчүл орун тартибинде туруп ыкташты’.

Сайкал апа сөзүн уланта берди (К. М.). Шадман аке- ак пейил калыс адам (А. У.). Алмаз байкем Болот аксакалга эркелегендей жылмайды. Жамал инженер келди.

Берилген мисалдарда болсо апа, аке, байкем, аксакалга деген заттар Сайкал, Шадман, Алмаз, Болот деген сөздөргө сончул орун тартибинде айкалышып турат.

Ыкташып турган сөздөр багындыруучу сыңар болуп түшкөн сөздөрдөн мурда келсе – төрчүл ыкташуу деп аталат да, кийин келсе – соңчул ыкташуу деп аталат [6, 123]

Кээ бир заттанып кеткен сын атооч сөздөр да соңчул орун тартибинде туруп ыкташкан учурлары болот:Ак Саткын сулуу алдынан тосуп, Ыргалып ырдап, абанга кошуп (А. О.).

Соңчул ыкташууда турган сөздөр багындыруучу сыңар болуп келген сөздөргө кошумча лексикалык маани берет. Мына ушундан барып зат атоочтордун соңчул ыкташуу үлгүсүнүн негизинде көп сандаган жаңы сөздөр, же туюнтмалар пайда болгон: Күмүштөн жабдык салтың бейм, жигит (А. О.).

Ыкташуу байланышынын бул түрүндө багыныңкы сыңар болуп келген сөздөр соңчул орун тартибинде жайгашат да, өзгөчө мүнөздөгү интонация катышып, бышыкталуучу, аныкталгыч сөздөрдүн, (багындыруучу сыңар болуп түшкөн сөздөрдүн) маанисин түшүндүрүү, чечмелөө касиетине ээ болуп турат.

Багындыруучу сынар болуп түшкөн сөздөр кандай түзүлүштө болсо, окшошуу байланышында турган сөздөр да ошондойчо эле түзүлүштө турат: Бейпил элдин, бейиш жердин кыргыз элинин, кыргыз жергесинин, атын укпаган-билбеген адам аз чыгар. Келишкен эки кабат чоң көк үйгө, телеграфка, Жапар келип кирди (К. Б.).

Окшош ыкташуу байланышында турган сөздөрдүн багындыруучу сыңар болуп түшкөн сөздөр менен болгон байланыш биримдиги интонацproperиялык жол менен жүзөгө ашырылат. Өзгөчө мүнөздөгү интонация алардын байланыш формасынын каражаты, көрсөткүчү катарында келет.

Жыйынтыктап айтканда кыргыз тилинде ыкташуу байланышы сөз өзгөрүү формалары жок сөз түркүмдөрүнө мүнөздүү байланыш формасы болуп саналары, бул байланыш формасынын таралыш сферасы алда канча кеңири келери, сөз өзгөрүү формалары жок сөз түркүмдөрү гана эмес, зат атоочтордун да ушул эле байланыш формасынын үлгүсүндө айкалышы өтө кеңири таралгандыгы, ыкташуу байланышында багындыруучу сыңар болуп түшкөн сөздөр кандай түрдөгү түзүлүштө турса да, кандай уландылар менен өзгөрүлүп турса да, багыныңкы сыңар болуп келген сөздөр аларга карай кандайдыр бир өзгөрүүгө учурабай, бир калыпта, чакчыл формада, же атооч жөндөмө формасында. туруп айкалышары иште каралды.

***Адабияттар***


1. *Азыркы кыргыз* адабий тили: Фонетика, Лексикология, Лексикография, Фразеология, Морфология, Синтаксис, Стилистика, Тексттаануу, Лингвистика. Бишкек.: 2009. 928 с.
2. *Ашырбаев Т.* Кыргыз тилинин стилистикасы / Т. Ашырбаев. Бишкек – Ош, 2000. 240 б.
3. *Балакаев М.Б.* Современный казахский язык / М.Б. Балакаев. Алматы: Изд-во АН Казах. ССР, 1959.
4. *Жаманкулова К.Т.* Азыркы кыргыз тилинин синтаксиси (Синтаксис курсу боюнча колдонмо) / К.Т. Жаманкулова. Бишкек: Бийиктик, 2014. 224 б.
5. *Жапаров А.* Синтаксический строй кыргызского языка. / А. Жапаров. Бишкек: Мектеп, 1991. 418 с.
6. *Турсунов А.* Кыргыз тилиндеги сөз айкаштары / А. Турсунов. Фрунзе: Илим, 1976.